**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

**MINISTRY OF EDUCATION AND SCIENCE OF THE KYRGYZ REPUBLIC**

720040, Бишкек ш.,
К. Тыныстанов көч., 257
тел.: (312) 66-24-42
факс: (312) 62-15-20
http://edu.gov.kg
edu@mail.gov.kg

257, K. Tynystanov St,
Bishkek 720040
tel.: (312) 66-24-42
fax: (312) 62-15-20
http://edu.gov.kg
edu@mail.gov.kg

720040, г.Бишкек,
ул. К. Тыныстанова, 257
тел.: (312) 66-24-42
факс: (312) 62-15-20
http://edu.gov.kg
edu@mail.gov.kg

____________________№ ______________

________№ __________катка

**ШАШЫЛЫШ!**

**Бишкек шаарынын мэриясынын билим берүү департаменти**

**Ош шаардык билим берүү башкармалыгы**

**Облустук усулдук билим берүү борборлору**

**Райондук жана шаардык билим берүү бөлүмдөрү**

**Билим берүү уюмдары**

## ТЕЛЕФОНОГРАММА

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 14-декабрындагы ПЖ № 343 “Акылман” президенттик лицейи жөнүндө” Жарлыгынын негизинде калктын аялуу катмарына жана ата-энеси жок өзгөчө шыктуу балдарга колдоо көрсөтүү максатында 2024-2025-окуу жылына карата балдарды “Акылман” президенттик лицейине (мындан ары-Лицей) кабыл алуу үчүн конкурстук тандоо жүргүзүлө тургандыгын билдирет.

Конкурстук тандоо Лицейдин администрациясы тарабынан төмөнкү графикке ылайык өткөрүлөт:

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

- **2024-жылдын 20-апрелинен баштап 30-апрелге чейин** **exam.edu.kg** сайты аркылуу каттоо өз алдынча өткөрүлөт. Кошумча маалыматтар **"Акылман" Кабыл алуу-2024"** телеграм каналы жана **@akylman.presidential_school** аттуу расмий инстаграм баракчасы аркылуу жарыяланат.

- **1-этап: 2024-жылдын 4,5,6-майында** - алдын ала онлайн тестирлөө;

- **2-этап: 2024-жылдын 10-майында** - 1-этаптын жыйынтыгы боюнча эң жогорку балл алган 2000 (эки миң) талапкерлер үчүн **exam.edu.kg** сайты аркылуу онлайн тестирлөө;

- **3-этап: 2024-жылдын 14-майынан 20-майына чейин** 2-этаптын жыйынтыгы боюнча эң жогорку балл алган 700 (жети жүз) талапкерлер үчүн оффлайн тестирлөө:

• Баткен облусундагы талапкерлер үчүн 2024-жылдын 14-майында Кызыл-Кыя шаарында, саат 14:00дө.

• Ош облусунундагы жана Ош шаарынындагы талапкерлер үчүн 2024-жылдын 15-майында Ош шаарында, саат 14:00дө.

• Жалал-Абад облусунундагы талапкерлер үчүн 2024-жылдын 16-майында Жалал-Абад шаарында, саат 14:00дө.

• Чүй облусундагы жана Бишкек шаарындагы талапкерлер үчүн 2024-жылдын 17-майында Бишкек шаарында, саат 14:00дө.

• Талас облусундагы талапкерлер үчүн 2024-жылдын 18-майында Талас шаарында, саат 14:00дө.

• Нарын облусундагы талапкерлер үчүн 2024-жылдын 19-майында Нарын шаарында, саат 14:00дө.

• Ысык-Көл облусундагы талапкерлер үчүн 2024-жылдын 20-майында Каракол шаарында, саат 14:00дө өтөт.

Тестирлөө аталган шаарлардын кайсы мектептеринде өтө тургандыгы жөнүндө лицейдин инстаграм жана телеграм баракчаларынан кошумча кабарланат.

Конкурстук тандоого төмөнкү талаптарга жооп берген талапкерлер катыша алат:

- Кыргыз Республикасынын жараны;

- жеке менчигине жана тибине карабастан Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмунда "жакшы" жана "эң жакшы" баада 6-класста окуган аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдүн, жарды үй-бүлөлөрдүн балдары, тоголок/жарым жетим балдар.

Ошого байланыштуу министрлик төмөнкүлөрдү аткарууну тапшырат:

**- 2024-жылдын 19-апрелине чейин:**

1) Белгиленген талаптарга туура келген балдардын тизмесин Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигине СЭД аркылуу жиберүү;

**- 2024-жылдын 10-майга чейин:**

1) 1-этаптын жыйынтыгы боюнча эң жогорку балл алган талапкерлердин төмөнкү документтерин скан түрүндө "Акылман"

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

президенттик лицейинин school@akylman.edu.kg электрондук почтасына жөнөтүү зарыл:

- балдар окуган жалпы билим берүү уюмунун мөөрү жана жетекчинин колу менен күбөлүндүрүлгөн талапкердин “жакшы” же “эң жакшы” (ударник же отличник) окугандыгы жөнүндө табелин:

- аз камсыз болгон үй-бүлө, жарды үй-бүлө же тоголок/жарым жетим бала экендигин тастыктаган маалымкаттар/документтерин;

- аз камсыз болгон үй-бүлөнүн электрондук социалдык паспорту же ата-энеси каза болгондугу тууралуу күбөлүгүн;

- балдардын мыйзамдуу өкүлү деп аныкталган соттун чечиминин көчүрмөсүн.

2) Конкурстук тандоонун 3-этабында графикке ылайык жеринде тестирлөө өткөрүү үчүн мектептерди аныктоо, 5 бөлмө жана 3 ыктыярчылар менен камсыздоо;

3) Конкурстук тандоонун тартиби жөнүндө ата-энелер/мыйзамдуу өкүлдөрү арасында түшүндүрүү иштерин жүргүзүү.

***Эскертүү:***

- белгиленген талаптарга дал келбеген, документтери жок же аларды толук жибербеген талапкерлер конкурстук тандоого катышуудан четтетилет;

3-этапка катышкан талапкерлер белгиленген документтердин түп нускасы алып келүүсү зарыл! Документтерди алып келбеген талапкерлер тестирлөөгө киргизилбейт!

- берилген маалыматтын аныктыгы, сапаты үчүн райондук жана шаардык билим берүү бөлүмдөрүнүн, жалпы билим берүү уюмдарынын жетекчилери жооп берет;

- аныкталбаган маалымат берген жетекчилерге карата чара көрүлөт.

Байланыш телефондор: 0555858008 (Эржан Мукулов), mukulov0126@gmail.com

Тиркеме: таблица, конкурстук тандоонун тартиби.

**Министрдин орун басары** **М.У. Касымалиев**

Кусеинова, 662370

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

Тиркеме

**2024-2025-окуу жылына карата “Акылман” президенттик лицейине конкурстук тандоого катышуучу Ысык-Көл облусунун жалпы билим берүү уюмдарынын окуучуларынын тизмеси**

| № | Окуучунун аты-жөнү (толук) | Туулган жылы, күнү | Жашаган дареги (обл.рай.айыл. көчө, үй № | Окуган мектеби (толук) | Байланыш телефону, электрондук дареги (окуучунун, ата-эненин/ мыйзамдуу өкүлдүн) | Социалдык категориясы (аз камсыз болгон үй-бүлө, жарды үй-бүлө же тоголок/ жарым жетим бала) |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1. | | | | | | |
| 2. | | | | | | |

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН